*Толубаев Ж.О.*

# ФИЛОЛОГИЯЛЫК БАГЫТТАГЫ АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДО МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУНУН КЕСИПТИК БАГЫТТАЛЫШЫ

*Толубаев Ж.О.*

# ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ НАПРАВЛЕННОСТЬ ОБУЧЕНИЮ МАТЕМАТИКЕ ПРИ ПОДГОТОВКЕ СПЕЦИАЛИСТОВ ФИЛОЛОГИЧЕСКИХ НАПРАВЛЕНИЙ

*Zh.O. Tolubaev*

# PROFESSIONAL ORIENTATION TEACHING OF MATHEMATICS IN THE TRAINING OF SPECIALISTS OF PHILOLOGICAL DIRECTIONS

*УДК: 370/247-91*

*Бул макалада учурдагы математиканы математик эмес адистиктерде окутуунун актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болгон филологиялык багыттагы адистерди даярдоодо математиканы окутуунун кесиптик багытталышы каралды. Негизинен, тактап айтканда макалада математиканын негизги түшүнүктөрү болгон чекит, түз сызык, тегиздик, мейкиндик жана гипермейкиндик түшүнүктөрү менен филологиялык багыттагы адистердин негизги түшүнүктөрү болгон тамга, сөз, сүйлөм, текст жана роман түшүнүктөрүнүн байланыштары изилденди.*

***Негизги сөздөр**: чекит, түз сызык, тегиздик, мейкиндик, гипермейкиндик, тамга, сөз, сүйлөм, текст, роман.*

*В этой статье рассмотрены проблемы обучения математике нематематических специальностей. В связи с этим исследована связь основных понятий математики таких как, точка, прямая линия, плоскость, пространство, гиперпространство с основными понятиями специальностей филологических направлений буква, слово, предложение, текст, роман.*

***Ключевые слова:** точка, прямая линия, плоскость, пространство, гиперпространство, буква, слово, предложение, текст, роман.*

*This article considers the problems of teaching mathematics of non-mathematical specialties. In this regard, we investigated the relationship of the basic concepts of mathematics such as point, straight line, plane, space, hyperspace with the basic concepts of the specialties of the philological directions of the letter, word, sentence, text, Roman.*

***Key words:** point, straight line, plane, space, hyperspace, letter, word, sentence, text, novel.*

Азыркы жогорку окуу жайларынын алдында окутуунун сапатын жогорулатуу, жогорку билимдүү жана квалификациялуу адис кадрларды даярдоо маселеси турат. Билимдин жана техниканын ар түрдүү тармактарында кызмат кылган окумуштуулардын, программистердин, мугалимдердин, филологдордун жана инженердик адистердин логикалык билиминин фундаменти болуп-математика эсептелет.

Кыргыз Республикасынын бакалаврдык мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын негизинде «Математика» окуу курсу жогорку окуу жайынын бардык билим берүү багыттары боюнча базалык предметтерден болуп эсептелет жана окутулат.

Окутулуп жаткан билим берүү багыттарынын окуу планында көрсөтүлгөн математика жана жогорку математика курстары негизинен мамлекеттик стандартка жараша түзүлгөн. Даярдала турган бакалавриаттын өзгөчөлүктөрүнө жараша Кыргыз Республикасынын бакалаврдык мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын негизинде математика курсунун окуу усулдук комплекстери жана силлабустары түзүлөт.

Негизинен математиктер ар бир багыттын өзүнүн талабына жана максатына жараша окуу усулдук комплекстерди жана силлабустарды түзүү менен сабактарды алып барса, анда анын жыйынтык натыйжасы бир канча эсе жогору боло тургандыгы белгилүү.

Бул көңүл буруунун негизги себеби болуп даярдалып жаткан багыттардын математикага болгон талабын эске албастан, аны окутуу математиканы окуу процессинде кандайдыр бир жалпы аң сезимди өнүктүрүү үчүн болгон жана даярдалып жаткан адистиктин сапатын жогорулатууга эч кандай таасир тийгизбеген туюк система катарында каралышы мүмкүн. Математиканын жогорку окуу жайларындагы окуу процессиндеги мындай орду даярдалып жаткан математик эмес адистиктерге карата жетишсиз экендиги көрүнүп турат. Себеби, математика боюнча жогорку окуу жайларга тапшырган студенттердин базалык даярдыгы көбүн эсе өтө начар экендиги байкалат. Бирок, азыркы учурда жогорку окуу жайларда математика бир жактан фундаменталдык дисциплиналардын арасында алдыңкы орунду ээлебестен, ошондой эле колдонмо дисциплиналардын ортосунда да орунга ээ болот. Бул деген азыркы учурдагы матиматизациялоого заманда жалаң гана табигый илимдерде эмес, ошондой эле гуманитардык илимдерде да анын орду бар экендигин аныктайт. Ошондой болсо дагы ал жалпы билим берүүчү дисциплиналардын катарына кирет.

Азыркы ар бир окуу жайдын окуу планына жараша математиканы жалаң гана табият таануу

адистиктери окубастан, аны филологиялык багыттагы адситиктердин студенттери да окуу үчүн көп күчтөрүн жана аракеттерин жумшайт.

Мындан сырткары математика окуу дисциплинасы катарында көп адистиктердин атайын дисциплиналарында колдонула тургандыгынын зарылчылыгын түшүндүрүү керек. Бул жөнүндө көпчүлүк окумуштуу математиктердин жана методисттердин макалаларын басма сөз беттеринде, ошондой эле илимий конференциялардын жана семинарлардын материалдарында жарык көрүүдө. Азыркы учурда филологиялык, гуманитардык жана педагогикалык адистиктерде математиканы окутуунун кээ бир кемчиликтери түздөн-түз байкалууда.

Атап айтканыбызда:

– математикалык түшүнүктөрдү көп эле керексиз формалдаштырып жиберүү;

– математикалык материалдарды жеткирүүдө даяр түшүнүктүн мүнөзү катарында берилиши;

- математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда алардын адистик дисциплиналары менен байланышынын жоктугу;

- азыркы компьютерлештирилген окуу процессинде адистик дисциплиналарды окутууда математиканын колдонбогондуктарын белгилеп кетсек болот.

Жогоруда келип чыккан маселени чечүү үчүн биз филологиялык адистиктерди даярдоодо “Математика” жана “ Математикалык логика жана анын колдонулуштары” дисциплиналарын окутууда алардын негизги адистик дисциплиналарында колдонулуучу түшүнүктөрүн колдонуу менен окутууну сунуш кылдык.

**<u>Математиканын негизги түшүнүктөрү:</u>**




**<u>Тилдин негизги түшүнүктөрү:</u>**




Жогорудагы түшүнүктөрдү колдонуп математиканын [1:5], [2:237], [3:18] жана тилдин [3:20], [4:3], [5:7] негизги түшүнүктөрүн аныктай турган болсо, анда алар төмөндөгүдөй таблицада орун алат:

| № | Негизги түшүнүк | Аныкталуучу түшүнүк | |
|---|---|---|---|
| | | **аталышы** | **аныкталышы** |
| 1. | Чекит | Түз сызык<br>Тегиздик<br>Мейкиндик<br>Гипермей-киндик | Чекиттердин жыйындысы<br>Түз сызыктардын жыйындысы<br>Тегиздиктердин жыйындысы<br>Мейкиндиктердин жыйындысы |
| 2. | Тамга | Сөз<br>Сөз айкашы<br>Сүйлөм<br>Текст | Тамгалардын жыйындысы<br>Сөздөрдүн байланышы<br>Бүткөн айрым бир ойду билдирген сөздөрдүн тизмеги<br>Кандайдыр бир маалымат берүүчү сүйлөмдөрдүн жыйындысы |

Жогорудагы таблицадан биз математикалык негизги түшүнүктөрдүн [3:18] тилдин негизги түшүнүктөрүнө [3:84], [5:56] тиешелүү түрдө салыштырып аныктала тургандыгын көрдүк.

Мындан сырткары “Математикалык логика жана анын колдонуштары” предметин да окутууда даярдала турган адистиктердин өзгөчөлүктөрүн эске алса болот.

| | | |
|---|---|---|
| Бүгүн | 2-март | 2006-жыл |
| Х | 2-март | 2006-жыл |
| Бүгүн | У | 2006-жыл |
| Бүгүн | 2-март | Z |
| Х | У | 2006-жыл |
| Бүгүн | Х | У |
| Х | У | Z |

Жогоруда көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдөгү Х,У,Z белгисиздердин маанилерине тиешелүү маанилерди коюу аркылуу ар кандай жыйынтыктарды алабыз.

Бул келип чыккан жыйынтыктар “Математикалык логика жана анын колдонуштары” предметиндеги айтылыш жана предикат түшүнүктөрүн аныктоого алып келет.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен математик окутуучуларды математик эмес адистерди даярдоодо алардын кесиптик өзгөчөлүктөрүн эске алуу, алардын атайын дисциплиналарын окутууда математиканын түшүнүктөрүн колдонуусун жана математиканын негизги түшүнүктөрүн калыптандыруусунда адистикке тиешелүү түшүнүктөрдүн жардамында аныктоосу жогору натыйжаларды бере тургандыгы анык десек болот.

**Адабияттар:**

1. Бекельман И.Я. Аналитическая геометрия и линейная алгебра. - М:. «Просвещение», 1976.
2. Бронштейн И.Н., Семендяев К.А. Справочник по математике. - М:. «Наука», 1976.
3. Выгодский М.Я. Справочник по высшей математике. - М:. «Большая медведица», 1976.
4. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Б., 2009.
5. Жапаров А. Кыргыз тил синтаксиси. - Ф.: «Мектеп», 1979.
6. Хидирова Ч. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Б. «Айат», 2012.
7. Айылчиев А. Математика. - Ф.: «Мектеп», 1984.
8. Сулайманов Ж. Жогорку математика сабагынан лекциялар жыйнагы. - Б., 1993.
9. Толубаев Ж.О., Кудаяров К.С. “Математика боюнча мисалдар жана маселелер жыйнагы”. - Б., 2005.

**Рецензент: д.пед.н., профессор Чоров М.Ж.**